7. Анпилов С. М. Современный подход к устойчивому развитию предприятия. // Основы экономики, управления и права, №1(1), 2012. –С. 53-55.

8. Бардасова Э. В., Зотов М. А., Поникарова А. С. Управление развитием кадрового потенциала предприятия как инструмент достижения его устойчивого развития в инновационной экономике. // Вестник Казанского технологического университета, № 1(15), 2012. - 192 с.

9. Алексеенко Н. В. Устойчивое развитие предприятия как фактор экономического роста региона. // Экономика и организация управления, № 3, 2008. –С. 59-65.

10. Измайлова А. С., Коломеец Е. А. Обеспечение устойчивого развития металлургического предприятия в холдинге на основе системы сбалансированных показателей. // Актуальные проблемы современной науки, техники и образования. № 2, 2013. – 308 с.

11. Сталинская Е. В., Охтень, А. А. Концептуальные основы стратегического управления устойчивым развитием металлургического предприятия. // Экономика промышленности. № 1-2(57-58), 2012. - 353-360 с.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-62-68
УДК: 338.43

***Малаев Э. Т.,*** *экон. илимд. канд.*
*emil_malaev@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-7999-806X*
***Амантурова Ч. К.,*** *экон. илимд. канд., доцент*
*amanturova69@mail.ru*
*ORCID: 0009-0008-5441-6083*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКАНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ РОЛУ ЖАНА ӨНҮГҮҮ КЕЛЕЧЕКТЕРИ

*Бул макалада «жашыл экономиканы» негизги түшүнүктөрү жана концепциялары, ошондой эле Ысык-Көл облусунун айыл чарбасында маанилүүлүгү каралган. «Жашыл экономика» түшүнүгү адамдардын бакубаттуулугун жогорулатууга жана айлана-чөйрө үчүн тобокелдиктерди олуттуу төмөндөтүүгө, социалдык акыйкаттуулукка алып келген, жаратылыш капиталын сактоочу, көбөйтүүчү, ресурстарды натыйжалуу пайдалануучу жана өлкөнүн табигый экосистемасын сактоого өбөлгө түзүүчү экономика катары аныкталат. «Жашыл» экономика кирешелердин жана жумуш менен камсыз болуунун өсүшү көмүртекти жана булганууну төмөндөтүүгө, аялдар жана эркектер үчүн жеткиликтүү "жашыл" жумуш орундарын жана калктын жашоосу жана саламаттыгы үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүүгө, энергияны, ресурстарды жана экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу пайдаланууну жогорулатууга багытталары каралат.*

*Ошондой эле Ысык-Көл облусунун айыл чарбасындагы өндүрүлгөн продукцияларга мүнөздөмө берилип жана талдоо жүргүзүлгөн. «Жашыл экономика» шартында айыл чарбасындагы кээ бир көйгөйлөр каралып, аларды чечүү жолдору көрсөтүлгөн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жашыл экономика, айыл чарба, агроөнөржай комплекси, органикалык айыл чарба, ресурстарды үнөмдөөчү технологиялар, экосистема, жаратылыш ресурстары, айлана-чөйрө, туруктуу өнүгүү, мал чарбачылык, өсүмдүк өстүрүү, сүт өндүрүү, көмүртек чыгаруу, айылдык товар өндүрүүчүлөр, экологиялык тобокелдик, инновациялык долбоорлор,*

*айдоо аянттары, тамчылатып сугаруу, жайыт ресурстары, салык саясаты, каржылык колдоо, кластердик ыкма, соода-логистикалык борбор, агроэкология, экосистемалык кызмат көрсөтүүлөр, кесиптик даярдоо, патенттик система, субсидиялар, инвестициялар*

***Малаев Э. Т.,*** *канд. экон. наук*
*emil_malaev@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-7999-806X*
***Амантурова Ч. К.,*** *канд. экон. наук, доцент*
*amanturova69@mail.ru*
*ORCID: 0009-0008-5441-6083*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## РОЛЬ И ПРЕСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ ЗЕЛЕНОЙ ЭКОНОМИКИ В СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ ИССЫК-КУЛЬСКОЙ ОБЛАСТИ

*В данной статье рассматриваются основные понятия и концепции «Зеленой экономики», а также ее необходимость в сельском хозяйстве Иссык-Кульской области.*

*Понятие «зелёная экономика» определяется как экономика, способствующая улучшению благосостояния людей и существенному снижению экологических рисков, обеспечивающая социальную справедливость, сохраняющая и приумножающая природный капитал, эффективно использующая ресурсы и способствующая сохранению естественных экосистем страны. Рассматривается в аспекте, что «зелёная» экономика направлена на рост доходов и занятости за счёт снижения выбросов углерода и загрязнений, создание доступных «зелёных» рабочих мест для женщин и мужчин, формирование благоприятной среды для жизни и здоровья населения, а также повышение эффективности использования энергии, ресурсов и экосистемных услуг.*

*Дана краткая характеристика сельского хозяйства Иссык-Кульской области и сделан анализ по выращиваемым продукциям. Выявлены некоторые проблемы сельского хозяйства в условиях «зеленой экономики» и указаны пути решения этих задач.*

***Ключевые слова:*** *зелёная экономика, сельское хозяйство, агропромышленный комплекс,органическое сельское хозяйство, ресурсосберегающие технологии, экосистема, природные ресурсы, окружающая среда, устойчивое развитие, животноводство, растениеводство, производство молока, выбросы углерода, сельские товаропроизводители, экологический риск, инновационные проекты, посевные площади, капельное орошение, пастбищные ресурсы, налоговая пполитика, финансовая поддержка, кластерный подход, торгово-логистический центр, агроэкология, экосистемы услуги, профессиональная подготовка, патентная система, субсидии, инвестиции.*

***Malaev E. T.,*** *cand. of econ. sciences*
*emil_malaev@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-7999-806X*
***Amanturova Ch. K.,*** *cand. of econ. sciences, assoc. professor*
*amanturova69@mail.ru*
*ORCID: 0009-0008-5441-6083*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## THE ROLE AND PROSPECTS FOR THE DEVELOPMENT OF GREEN ECONOMY IN AGRICULTURE IN ISSYK-KUL REGION

*This article discusses the basic concepts and concepts of "Green Economy", as well as its necessity in agriculture in Issyk-Kul region.*

*The concept of "green economy" is defined as an economy that contributes to improving human welfare and significantly reducing environmental risks, ensuring social justice, preserving and multiplying natural capital, effectively utilizing resources and contributing to the preservation of natural ecosystems of the country. It is discussed that the green economy aim  to increase income and employment by reducing carbon emissions and pollution, creating affordable green jobs for women and men, creating a favorable environment for life and health, and improving the efficiency of energy, resource use, and ecosystem services.*

*A brief characterization of agriculture in Issyk-Kul oblast is given and an analysis is made of the products grown. Some problems of agriculture under conditions of "Green Economy" are revealed and ways of solving these problems are indicated.*

***Keywords:*** *Green economy, agriculture, agro-industrial complex, organic agriculture, resource-saving technologies, ecosystem, natural resources, environment, sustainable development, livestock production, crop production, milk production, carbon emissions, rural producers, environmental risk, innovative projects, sown areas, drip irrigation,pasture resources, tax npolicy,financial support, cluster approach, trade and logistics center,agroecology, ecosystem services, professional training*

Азыркы ЕАЭБ шартында Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүү агроөнөржай комплексинин негизги бөлүгү болгон айыл чарбасынын натыйжалуу модернизациясыз мүмкүн эмес.

Айыл чарба – мамлекеттин азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылган, улуттук экономикадагы стратегиялык ролду ойногон экономикалык ишкердиктин негизги чөйрөлөрүнүн бири. Өлкөнүн калкынын 65 %дан ашыгы айыл жеринде жашайт. Экономиканын агроөнөр жай сектору өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда жана калктын иш менен камсыз болуусунда олуттуу сектор болуп саналат.

Көптөн бери Кыргыз Республикасынын экономикасы дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөй эле, негизинен, жаратылыш ресурстарын ысыраптуу жана сарамжалсыз пайдалануунун эсебинен өнүгүүгө багытталып келген. Жаратылыш капиталы активдүү эксплуатациялоодон улам экосистемалардын калыбына келүүсүнө мүмкүндүк бербеген натыйжасыз башкаруудан андан бетер начарлаган. Акыркы жылдары экологиялык жана социалдык факторлорду талаптагыдай эске албастан, экономикалык өнүгүү жолун улантуу азыркы, ошондой эле келечектеги муундар үчүн да коркунучтуу экендиги айкын болуп калды. "Жашыл" экономика аныктамасы туруктуу өнүктүрүү концепциясын билдирбейт, бирок туруктуулукка жетишүүгө карата негиз болуп саналат. Туруктуулук маанилүү узак мөөнөттүү максат болуп кала берет, бирок ага жетишүү үчүн экономика **"жашыл"** болууга тийиш. Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Айлана-чөйрө боюнча программасы "жашыл" экономиканы адамдардын бакубаттуулугун жогорулаткан жана социалдык акыйкаттуулукту камсыз кылган, ошол эле учурда айлана-чөйрө жана анын начарлашы үчүн тобокелдикти олуттуу төмөндөткөн экономика катары аныктайт.

Кыргыз Республикасында **"жашыл" экономика** түшүнүгү адамдардын бакубаттуулугун жогорулатууга жана айлана-чөйрө үчүн тобокелдиктерди олуттуу төмөндөтүү менен социалдык акыйкаттуулукка алып келген, жаратылыш капиталын сактоочу, көбөйтүүчү, ресурстарды натыйжалуу пайдалануучу жана өлкөнүн табигый экосистемасын сактоого дем берүүчү экономика катары аныкталган. "Жашыл" экономика кирешелердин жана жумуш менен камсыз болуунун өсүшү көмүртекти жана булганууну төмөндөтүүгө, аялдар жана эркектер үчүн жеткиликтүү "жашыл" жумуш орундарын жана калктын жашоосу жана саламаттыгы үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүүгө,

энергияны, ресурстарды жана экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу пайдаланууну жогорулатууга багытталган мамлекеттик жана жеке инвестициялар менен камсыз кылынат. 2012-жылы БУУнун Туруктуу өнүктүрүү боюнча конференциясында Кыргыз Республикасы “жашыл” экономиканын артыкчылыктарын илгерилетүү менен туруктуу өнүктүрүүгө карата багыт алгандыгын билдирди. Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү маанилүү даражада жаратылыш ресурстарын керектөөгө негизделгендиктен, Кыргыз Республикасы үчүн мындай багыт олуттуу зарылчылык болуп саналат. “Жашыл” экономикага өтүүнүн маанилүүлүгүн таанып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 28-июнундагы Токтому менен “Кыргызстан – “жашыл” экономиканын өлкөсү” деп аталган “жашыл” экономика концепциясы иштелип чыккан жана бекитилген [2].

Ысык-Көл облусунун климат шарты туризмге жана айыл чарбага абдан ыңгайлуу. Мисалы, Талас облусунда тамеки, төө буурчак өстүрүүгө, Нарын облусунда мал чарбасын өнүктүрүүгө, ал эми Ысык-Көл облусунда картофель, дан эгиндерин, мал чарбасын, жер-жемиш, алма бак ж. б. өстүрүүгө шарттар бар. КРдин Улуттук статистикалык комитеттин маалыматына таянсак, жалпы калктын 70% ашыгы айыл жергесинде жашашат жана өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын 2012-2023-жж. көлөмү төмөнкүдөй таблицаны берди:


*1-таблица.* Ысык-Көл облусу боюнча 2012-2023 жылдарда айыл чарбасынын дүң продукциясын өндүрүү динамикасы (*млн. сом*)

| № | Аталышы | 2012-ж | 2017-ж | 2018-ж | 2023-ж | 2023-ж. 2012-ж. салыш - тырмалуу % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Өсүмдүк чарба** | **8565,1** | **9991,5** | **10211,8** | **14424,3** | **168,4** |
| 1.1 | дан эгиндери | 1731,0 | 2735,6 | 2172,1 | 2123,7 | 122,7 |
| 1.2 | картофель | 3350,1 | 3656,0 | 4488,9 | 7700,6 | 229,9 |
| 1.3 | жер-жемиш | 894,8 | 1126,5 | 1364,9 | 1680,4 | 187,8 |
| 1.4 | мөмө-жемиш | 1116,2 | 1546,1 | 1194,6 | 1902,9 | 170,5 |
| 1.5 | башкалар | 1473,0 | 927,3 | 991,3 | 1016,7 | -131,0 |
| **2** | **Мал чарбасы** | **8773,3** | **11267,9** | **11226,3** | **11039,3** | **125,8** |
| 2.1 | мал жана канаттуулар чарбасы | 6160,7 | 7454,3 | 7591,2 | 7111,2 | 115,4 |
| 2.2 | сүт | 1991,5 | 3298,6 | 3230,7 | 3475,3 | 174,5 |
| 2.3 | жумуртка | 390,6 | 241,8 | 138,5 | 144,8 | -162,9 |
| 2.4 | жүн | 27,6 | 14,1 | 45,3 | 83,4 | 302,2 |
| 2.5 | башкалар | 202,9 | 259,1 | 220,6 | 225,0 | 110,9 |
| **3** | **Тейлөөлөр** | **325,0** | **382,8** | **432,0** | **535,3** | **164,7** |
| **4** | **Мергенчилик, токой чарбасы** | **42,2** | **71,0** | **72,2** | **55,4** | **131,3** |
| **5** | **Балык өстүрүү** | **1,5** | **1,6** | **1,0** | **0,8** | **-146,7** |
| **6** | **Бардыгы:** | **17707,1** | **21714,8** | **21943,3** | **26055,5** | **147,1** |

Булак: КР УСК маалыматы боюнча авторлор тарабынан түзүлдү [1].

Ысык-Көл облусунун жалпы айыл чарбасы боюнча диаграммада көрсөтүлгөндөй, облус үчүн айыл чарбасында өсүмдүк өстүрүү, мал чарбаларына 2016-жылы

жогорулоо, 2017-жылы төмөндөө, 2023-жылы жогорулоо мүнөздүү. Анын себептери болуп кургакчылык, рыноктук баанын төмөндөшү, суроо-талаптын аздыгы эсептелген.




*1-сүр.* Ысык-Көл облусунун 2012-2023-жж. айыл чарбасынын дүң продукциясын өндүрүү динамикасы

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде түзүлдү [1].

*2-таблица*. Ысык-Көл облусу боюнча 2012-2023 жылдардагы айыл чарбасынын айдалып, себилген жер аянттары (*га*):

| № | Өсүмдүктөр | 2012-ж | 2012-ж | 2018-ж | 2023-ж | 2023-ж. 2012-ж. салыштыр-малуу % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Дан эгиндери: | 94740 | 92977 | 88245 | 88934 | -106,1 |
| 1.1 | буудай | 71595 | 62808 | 57507 | 57674 | -119,4 |
| 1.2 | арпа | 22559 | 29034 | 30264 | 30748 | 136,3 |
| 2 | Техникалык өсүмдүктөр | 156 | 91 | 286 | 268 | 171,8 |
| 3 | Май өсүмдүктөрү | 136 | 85 | 22 | - | -236 |
| 4 | Картофель жана жемиштер | 35106 | 30070 | 29121 | 29708 | -115,4 |
| 4.1 | картофель | 32416 | 27770 | 26510 | 27128 | -116,3 |
| 4.2 | жемиштер | 2690 | 2300 | 2611 | 2580 | -104,1 |
| 5 | Тоют | 47510 | 56188 | 62255 | 62624 | 131,8 |
| **6** | **Бардыгы** | **177512** | **179747** | **180412** | **181966** | **102,5** |

Булак: КР УСК маалыматы боюнча авторлор тарабынан түзүлдү [1].

Акыркы жылдары облустун дан эгиндеринин аянты бир аз азайган, тоют аянттары болсо картофель айдаганга байланыштуу кеңейген, техникалык өсүмдүктөрдүн аянты көбөйгөн.

Акыркы жылдары Ысык-Көл облусунун климат шартына ылайык алманын, алмуруттун, абрикостун, алчанын, карагаттардын жаңы сортторун өстүрүп, күнөсканаларда бадыраң, помидорлорду өстүрүү өнүгүп жатат. Жогорудагы өсүмдүктөргө жаратылыш шарты абдан ыңгайлуу, чыгымдар аз кетет, суроо-талап, рынок баасы дагы жакшы.

Органикалык айыл чарбасы – бул айлана-чөйрөнү коргоого жана нукура чарба жүргүзүүнүн методдорун колдонууга өзгөчө көңүл бурулган айыл чарба өндүрүшүнүн системасы [3].

Агрардык сектордо ресурстарды туруктуу башкарууга жетишүү жана айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшкөн ресурстарды үнөмдөөчү, органикалык жана климаттык туруктуу айыл чарбасын өнүктүрүү төмөнкү милдеттерди жүзөгө ашыруу жолу менен белгиленген:

1) Талаптагыдай пландоо жолу менен агрардык секторго жер жана суу ресурстарын туруктуу башкарууга жетишүү. Жердин кыртышы кайра калыбына келбей турган ресурс болуп саналат. Жер кыртышын туруктуу башкаруу аны калыбына келтирүүдөн арзаныраак түшөт, анткени ал адам жашап өткөн мезгил ичинде калыбына келтирилбейт;

2) Органикалык айыл чарба рыногун өнүктүрүү. Органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн өндүрүүчүлөрдүн, кайра иштетүүчүлөрдүн, сатып өткөрүүчү уюмдардын, илимдин жана мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын бириктирүүчү класстердик ыкма ишке киргизүү керек. Ошондой эле соода-логистикалык борборлорду түзүү үчүн инвестицияларды тартуу боюнча иштер жүргүзүү керек;

3) Өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу жана өндүрүштүк факторлорду натыйжалуу пайдалануу үчүн заманбап технологияларды өнүктүрүү жана ишке киргизүү зарыл.

Сүт чарбасында ресурс үнөмдөөчү технологиялар: сүт саап алуу залдары, мал чарба секторундагы инновациялык долбоорлор болууга тийиш.

4) “Жашыл” айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү маселесин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү. Ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү колдонуудагы мыйзамдарды “жашыл” экономиканын максаттарына ылайык келтирүүгө багыттоо керек.

5) “Жашыл” айыл чарбасын каржылоо. Айыл чарбасын колдоодо фискалдык саясат жана анын кемчиликтери айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө жана кайра иштетүүчүлөргө ирригациялык сууларды берүү жана салыктык жеңилдиктерди берүү боюнча баа саясаты менен байланыштуу. Айыл чарбасын колдоо боюнча учурдагы чаралар иш жүзүндө туруктуу айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жетишсиз. Мындай колдоонун натыйжасында майда өндүрүүчү үчүн сууну жана жерди пайдалануунун “салттуу” жолдору пайдалуу болуп саналат, анткени туруктуу технологияларды ишке киргизүү үчүн, өзгөчө, баштапкы этабында кыйла чыгымдар талап кылынат. “Жашыл” технологияга ири айыл чарба өндүрүүчүлөрү кыйла жакын болушат, алар, эреже катары, көп салык төлөшөт. Ошондуктан көпчүлүк фермерлер ирилешүүгө жана биригүүгө умтулушпайт. Бул үчүн айыл чарба өндүрүүчүлөрүн колдоо мамлекеттик саясатын өркүндөтүү зарыл. Мында сууну үнөмдүү пайдалануу, жерди туруктуу пайдалануу жана чарбакер субъектилерди ирилештирүү үчүн дем берүүчү өбөлгөлөр жана жүйөлөр түзүлүшү керек. Мындан тышкары, айыл чарбасын каржылоо боюнча кандай гана мамлекеттик программа болбосун, Кыргыз Республикасындагы “жашыл” экономиканы илгерилетүү боюнча сунушталган саясатына ылайык келиши керек. Ушуга байланыштуу, ирригациялык сууларды берүүнүн тарифтик саясатын реформалоо жана айыл чарба кызматкерлерине карата салык саясатын өзгөртүү зарыл.

Фермердик ишке патентти киргизүү реформалоонун бир ыкмасы болуп саналат. Айыл чарбасындагы салык саясаты талданат жана анын негизинде “жашыл” экономикага өтүү үчүн жеңилдиктерди жана субсидияларды бөлгөлөөчү сунуштарды иштөө керек. Кыртыштардын абалын талдоонун жыйынтыгы боюнча кыртыштын паспортторун жана патенттерди киргизүүнү кошкондо, айыл чарба кызматкерлерине карата салык саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

6) “Жашыл” айыл чарбасын жүргүзүү методдору менен айылдык товар өндүрүүчүлөрдү маалымдоо жана окутуу аркылуу потенциалды көтөрүү. Милдетти ишке ашыруу боюнча негизги иш-чаралар климаттын өзгөрүшүнүн социалдык-экономикалык кесепеттери жөнүндө, анын ичинде суунун улам өсүп жаткан жетишсиздиги жана жердин деградацияга дуушар болуу көйгөйлөрү, жайыт ресурстарын туруктуу башкаруу, ошондой эле органикалык жана ресурстарды үнөмдөөчү айыл чарба өндүрүшүнүн артыкчылыгы жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатууга багытталат. Органикалык айыл чарба, тамчылатып сугаруу ж. б. у. с. боюнча маалыматтарга жана технологияларга жетүүнү кеңейтүүгө өзгөчө көңүл буру керек [3].

Жогорку окуу жайлары үчүн айыл чарба чөйрөсүндө адистерди даярдоо жана кайра даярдоо боюнча иштеп чыгуу керек. Ошондой эле жайыттардын түшүмдүүлүгүн көтөрүү жана жайыт ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча көндүмдөргө жайыт комитеттеринин мүчөлөрүн окутуу жүргүзүү зарыл. Жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын программасына органикалык айыл чарбасы боюнча өзүнчө багытты киргизүү, ошондой эле тийиштүү окуу куралдарын чыгаруу пландаштырылууда. Чарба жүргүзүүнүн органикалык ыкмасына өтүүнү каалаган фермерлер үчүн кайра квалификациялоо курстарын уюштуруу керек.

**Булактар:**

1. www.stat.kg.
2. http://mineconom.gov.kg/ 2019-2024-жылдарга карата Кыргыз Республикасында “жашыл” экономиканы өнүктүрүү программасы.
3. http://cbd.minjust.gov.kg/act/preview/ky-kg/80070/10?mode=tekst. «Ысык-Көл» экологиялык-экономикалык системасын 2020-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү концепциясы.
4. http://www.president.kg/sys/media/download/52136/(2018-2040-жылдары, Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы).